
| | |
|---|---|
| **22.12.2021.** | |
| **Предмети: Адабий окуу** | **2-класс** |

**Сабактын темасы: Жакшынакай балаты**

| | |
|---|---|
| **Негизги компетенттүүлүктөр**<br>1. Маалыматтык<br>2. Социалдык – коммуникативдик<br>3. Өз алдынча уюштуруу жана маселелерди чечүү | **Сабактын тиби:** Жаңы теманы өздөштүрүү<br>**Колдонулуучу ыкмалар**: Айтып берүү, түшүндүрүү, талкулоо, аңгемелешүү, суроо- жооп.(Интерактивдүү)<br>**Сабактын жабдылышы**: Окуу китеби, сүрөттөр, карточкалар.<br>**Предмет аралык байланыш:** Сүрөт, музыка. |
| **Сабактын максаттары** | **Көрсөткүчтөр** |
| **А) Билим берүүчүлүк:** Окуучулар балатынын кооздугу, сүйкүмдүүлүгү тууралуу баяндалган ырдын маанисин түшүнүп, сүрөт боюнча өз оюн айтып берүүгө, ырды көркөм, шар окууга машыгышат. | Балатынын кооздугу сүйкүмдүүлүгү тууралуу баяндалган ырдын маанисин түшүнүп, сүрөт боюнча өз оюн айтып берүүгө, ырды көркөм, шар окууга машыгышса. |
| **Б) Өнүктүрүүчүлүк максаты:** Таанып-билүүчүлүк жөндөмдүүлүгү артат. Билген, байкаган нерселерин адабий тилдин нормасында эркин айтып берүүсү, ой жүгүртүүсү, кабыл алуусу өнүгөт . | Таанып-билүүчүлүк жөндөмдүүлүгү артса. Билген , байкаган нерселерин адабий тилдин нормасында эркин айтып берүүсү, ой жүгүртүүсү өнүксө. |
| **В) Тарбиялык максаты:** Сулуулукка суктанып, жаратылышка кам көрүүгө , аларга аяр мамиле кылууга, өсүмдүктөргө кам көрө билүүгө тарбияланышат. | Сулуулукка суктанып, жаратылышка кам көрүүгө, аларга аяр мамиле кылууга, өсүмдүктөргө кам көрө билүүгө тарбияланышса. |

**Сабактын жүрүшү:**

| Сабактын этаптары | Убактысы | Мугалимдин иш аракети | Окуучунун иш аракети |
|---|---|---|---|
| **1.Уюштуруу** | **3 минут** | Саламдашуу<br>Саламатсыңарбы, балдар! Жакшы эс алдыңарбы? Маанайыңар жакшыбы? Бүгүнкү сабакка даярбызбы?<br>Класста жагымдуу жагдай түзүү<br>Күн нурундай жаркырап,<br>Биз көңүлдүү, биз куунак.<br>Биздин максат, биздин иш,<br>Окуп, жазып жыргамак.<br>Окуучуларды тактоо<br>Окуу куралдарын толуктоо | Окуучулар мугалим менен саламдашса<br><br>Сабакты жакшы кабыл алууга өбөлгө түзүлсө |

| | | | |
|---|---|---|---|
| **2.Өтүлгөн теманы кайталоо** | **3-5 минут** | Өтүлгөн тема боюнча суроо берүү менен кыскача аңгемелешүү<br>74-бет Алтын таяк<br>1. Нан бардык тамактардан ыйык деген туурабы?<br>2. Карыя эмне үчүн аса таягын жерге сайып коюп кетти?<br>3. Жыгач таяк эмнеликтен алтынга айланып калды экен? | Окуучулар өтүлгөн тема боюнча суроолорго жооп берип кыскача аңгемелешсе |
| **3.Жаңы теманы түшүндүрүү** | **5-8минут** | Мугалим окуучулардын билимин текшерип алуу максатында "Кыш мезгили" жана "балаты" жөнүндө суроо берет.<br>**Карточкаларды таратат.**<br>1. Кыш мезгилинде канча ай бар?<br>2. Кыш мезгилиндеги кандай майрамдарды билесиңер?<br>3. Башка мезгилдерден кыш мезгили эмнеси менен айырмаланат?<br>4. Балатыны үйүбүзгө алып келип, кайсы мезгилде кооздойбуз?<br>**Окуучулардын оюн угуу.**<br>**Мугалимдин сөзү.** "Жакшынакай балаты"<br>Токой, тоонун этеги.<br>Жүрү, балдар, жетели.<br>Тобурчагы толтура,<br>Терек себет жетеби?<br><br>Жайы-кышы карачы,<br>Жашыл токой арасы,<br>Жаңы баскан баладай,<br>Жакшынакай балаты.<br><br>Эй, балаты, балаты, | Окуучулар тема боюнча билгендерин эркин айтышат.<br>Билбеген суроолорду ортого салышат.<br>Карточкаларда катылган суроолорго жооп бере алышат.<br> |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | Алып үйгө барсамбы?<br>Кооз мончок тагынтып,<br>Сени багып алсамбы?<br>Демек, балдар бүгүнкү өтө турган темабыз “Жакшынакай балаты". Силер балаты эмне экенин билесиңер ээ?<br>Балаты кандай түстө болот? | |
| **4.Жаңы теманы бышыктоо** | **7-10минут** | Мугалим окуучуларга тапшырма берет.<br>1. Синквейн түзүү керек .<br>Сунуштарды айтат.<br>Толуктоолорду киргизет.<br>Окуучуларды колдоп –кубаттайт. | 1. Окуучулар балатыга синквейн түзүшөт.<br><br>2. Балаты жөнүндө билген ырларын айтып беришет.<br><br>Синквейн<br>**Балаты**<br>1. Зат атооч:<br>2. Сын атооч:<br>3. Этиш:<br>4. Сүйлөм:<br>5. Синоним: |
| **5. Сабакты жыйынтыктоо** | **3-5 минута** | Мээге чабуул<br>1. Балатыны үйүбүзгө алып келип, кайсы мезгилде коოздойбуз? | Окуучулар суроолорго жооп берүү менен<br>Аң сезими ойгонот, ойлонот, изденет, табат |

<table>
<tr>
<td></td>
<td></td>
<td>2. Балатылар кышында үшүп калат деп айткан туурабы? Эмне үчүн?<br>3. Балатыны токойдон кыйып келип, жылуу үйгө киргизип коохдоп коюуну-ага болгон камкордук деп айтууга болобу? Эмне үчүн?<br>4. Балатыны кыйып келбестен, ордуна жасалма балатыны деле койсо болот – деген ойго кандай пикир айта аласыңар?</td>
<td>
<table>
<tr><td>Билем</td><td>Билдим</td><td>Билгим келет<br>Башка өлкөлөрдө жаны жыл качан өтөт?</td></tr>
<tr><td></td><td></td><td>Дүйнө жүзүндөгү айрым мамлекеттер жаңы жылды башка күндөрү белгилешет. Мисалы, кытай жана вьетнам эли 21-январдан 21-февралга чейинки аралыкта майрамдашат. Ал эми еврейлер 5-сентябрдан 5-октябрь аралыгында жаңы жылды тосушат. Иран мамлекетинде жаңы жыл 21-22-март күндөрү келсе бангладештиктер 14-апрелди жылдын жаңырган күнү катары белгилешет.</td></tr>
<tr><td></td><td></td><td></td></tr>
</table>
</td>
</tr>
<tr>
<td>6.Үйгө тапшырма</td>
<td>2 минут</td>
<td>Балаты тууралуу өз алдыңарча окуган чыгарма же көргөн мультфильмдер тууралуу аңгеме жазуу. Ырды жаттоо</td>
<td></td>
</tr>
</table>

| | | | |
|---|---|---|---|
| **7.Окуучулардын билимин баалоо** | **2-3 минут** | Жыйынтыктоочу жана шыктандыруучу баалоо | Күндөлүктү толтуруу    |